## Улуттук банктын ноталары

*(2013-жыл май)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Кароого алынган мезгил аралыгында Улуттук банктын ноталарынын төрт аукциону өткөрүлгөн, мында, жалпысынан алганда, жарыяланган эмиссиянын көлөмү өткөн айдын ушундай эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 17,5 пайызга төмөндөп 3,3 млрд. сомду түзгөн.

Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү 2,6 пайызга төмөндөгөн жана 879,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил аралыгында сатуулардын жалпы көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар менен камсыздалган, алардын ичинен ири бөлүгү сатуу түзүмүндө 85,0 пайыз жалпы үлүшү менен эки коммерциялык банктар тарабынан сатылып алынган. Сатуулардын орточо аукциондук көлөмү кароого алынган мезгил аралыгында өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 1,8 пайызга жогорулап, 768,3 млн. сомду түзгөн.

Улуттук банктын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү өткөн айга салыштырмалуу 0,1 пайызга өсүп, 3,0 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталар боюнча суроо-талаптын, сатуунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 2,2 пайызга төмөндөп, 3,1 млрд. сом деңгээлинде түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин портфелинин салыштырма салмагы бир эле мезгилде 31,9 пайыздан 41,1 пайызга чейин

[1] Аталган көрсөткүч суроо-талаптын/сунуштун ай ичиндеги жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, себеби аукциондордун ай ичиндеги саны туруктуу көрсөткүч болуп саналбайт.

жогорулоодон улам, Улуттук банктын ноталарын сатып алуучулардын негизгилеринин бири катары саналган коммерциялык банктардын үлүшү төмөндөп, 58,9 пайызды (-9,2 пайыздык пункт) түзгөн. Жеке адамдар, институционалдык инвесторлор жана юридикалык жактар-резидент эместер аукциондорго катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |
| 01.09.2012 | 1 494,4 | 780,3 | 52,2% | 588,9 | 39,4% | 2,0 | 0,1% | 123,2 | 8,2% |
| 01.10.2012 | 1 775,4 | 1 492,2 | 84,0% | 218,4 | 12,3% | 2,0 | 0,1% | 62,8 | 3,5% |
| 01.11.2012 | 1 900,0 | 1 689,7 | 88,9% | 146,1 | 7,7% | 1,3 | 0,1% | 62,9 | 3,3% |
| 01.12.2012 | 1 900,0 | 1 640,0 | 86,3% | 139,0 | 7,3% | - | 0,0% | 121,0 | 6,4% |
| 01.01.2013 | 3 050,0 | 3 006,4 | 98,6% | 13,5 | 0,4% | - | 0,0% | 30,1 | 1,0% |
| 01.02.2013 | 3 379,5 | 3 316,9 | 98,1% | 40,6 | 1,2% | - | 0,0% | 22,0 | 0,7% |
| 01.03.2013 | 3 600,0 | 2 562,7 | 71,2% | 1 036,0 | 28,8% | 1,3 | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.04.2013 | 3 673,1 | 2 019,8 | 55,0% | 1 653,3 | 45,0% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.05.2013 | 3 143,0 | 2 140,5 | 68,1% | 1 002,5 | 31,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.06.2013 | 3 073,0 | 1 811,0 | 58,9% | 1 262,0 | 41,1% | - | 0,0% | - | 0,0% |